**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ОШ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МЭРИЯ ГОРОДА ОШ**

**ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

20 23 -жылдын " 31 " октября, № 1009

### Ош шаарынын 2023-жылдын тогуз айындагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыктары жана 2023-жылдын IV кварталына карата милдеттери жөнүндө

Ош шаарынын 2023-жылдын 9 айындагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыктары жөнүндө маалыматты угуп, талкуулоо жана пикир алмашуу менен Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 17, 18, 25, 27, 44, 45, 48-беренелерин жана Кыргыз Республикасынын "Ош шаарынын статусу жөнүндө" Мыйзамынын 8, 18, 20, 21-беренелерин жетекчиликке алып, Ош шаарынын мэриясынын Коллегиясы **токтом кылат:**

1. Ош шаарынын мэринин биринчи орун басары М.А. Исаевдин Ош шаарынын 2023-жылдын 9 айындагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыктары тууралуу маалыматы эске алынсын.

2. Төмөнкүлөр белгиленсин:

Ош шаардык статистика башкармалыгынын маалыматы боюнча өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекси – 105,0 пайызды, негизги капиталдык салымдар – 122,0 пайызды, автотранспорт менен жүк ташуу – 102,7 пайызды, жүргүнчүлөрдү ташуу – 110,4 пайызды, дүң жана чекене товар жүгүртүү – 107,5 пайызды түзгөн.

Ош шаарынын өнөр жай ишканалары жана жеке ишкерлер тарабынан 2023-жылдын январь-сентябрында 5691,7 млн. сомдук (2022-жылы 5013,8 млн. сом) продукция өндүрүлүп, 2022-жылдын январь-сентябрына карата физикалык көлөмдүн индекси 105,0 пайызды, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 677,9 млн. сомго көбөйгөн.

Айыл чарба продукцияларынын дүң чыгарылышынын көлөмү 2023-жылдын январь-сентябрында 1174,5 млн. сомду, физикалык көлөмдүн индекси 97,3 пайызды түзгөн.



Курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмү 2023-жылдын январь-сентябрында 4 574,4 млн. сомду түзүп (2022-жылы 3 663,4 млн. сом), 2023-жылдын январь-сентябрына салыштырганда 20,8 пайызга, же 911,0 млн. сомго көбөйгөн.

Негизги капиталга тартылган инвестициянын көлөмү 2791,2 млн. сомду (2022-жылы 2209,9 млн. сом) түзүп, 2022-жылдын январь-сентябрына салыштырганда 22,0 пайызга, же 581,7 млн. сомго көбөйгөн.

2023-жылдын январь-сентябрында дүң жана чекене соода жүгүртүүсүнүн, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо кызматынын көлөмү 61 837,9 млн. сом өлчөмүн түзүп, 2022-жылдын январь-сентябрына салыштырмалуу 7,5 пайызга жогорулаган.

Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси (КБИ) 2023-жылдын сентябрында 2022-жылдын декабрына карата 109,0 пайызды түздү (2022-жылдын тийиштүү мезгилинде 109,5 пайыз болгон).

Шаардын тышкы соода жүгүртүүсү (бажы статистикасынын маалыматтарынын негизинде) 2023-жылдын январь-августунда АКШнын 261 411,4 миң долларын түзүп (22 829 539,1 миң сом), 2022-жылын январь-августуна салыштырганда 15,7 пайызга көбөйгөн.

2023-жылдын январь-сентябрь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы трансферттерди, атайын каражаттарды кошкондо 96,0 пайызга аткарылып, пландагы 2 300,9 млн. сомдун ордуна 2 205,8 млн. сом түшүп, же 95,1 млн. сомго аз аткарылган.

Трансферттерди жана атайын каражаттарды кошпогондо жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы 93,5 пайызга аткарылып, пландагы 1 млрд. 639,2 млн. сомдун ордуна, 1 млрд. 533,1 млн. сом түшүп, 106,1 млн. сомго аз аткарылган.

3. Ош шаарынын мэринин биринчи орун басары М.А. Исаев тиешелүү мамлекеттик жана муниципалдык мекеме-ишканалар менен биргеликте:

1) 2023-жылга бекитилген жергиликтүү бюджеттин салык жана салыктык эмес кирешелеринин толук көлөмдө аткарылышын көзөмөлгө алсын;

2) жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн аткарылышына талдоо жүргүзүп, жергиликтүү бюджеттин чыгымдарын оптималдаштыруу боюнча иш алып барсын;

3) инвестициялык долбоорлорду иштеп чыгууну, инвесторлорго сунуштоо, ички жана тышкы инвестицияларды тартуу боюнча иш жүргүзсүн;

4) күзгү талаа жумуштарын уюшкандыкта өткөрүү, өстүрүлгөн түшүмдү коромжусуз оруп-жыюу жана айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн көлөмүн жогорулатуу боюнча иштерди күчөтсүн.

4. Ош шаарынын мэринин шааркуруу жана муниципалдык менчик маселелер боюнча орун басары З.Б. Юсупов тиешелүү мамлекеттик жана муниципалдык мекеме-ишканалар менен биргеликте:

1) республикалык жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен курулушу жүргүзүлүп жаткан социалдык объектилердин өз убагында жана сапаттуу бүткөрүлүшүн көзөмөлгө алсын жана 2024-жылы курула турган социалдык

объектилерди аныктоо, алардын долбоордук-сметалык иш кагаздарын жана башка курулушка уруксат иш кагаздарын даярдоо боюнча ыкчам иш жүргүзсүн;

2) шаардын аймагында мыйзамсыз курулуштардын алдын алуу жана тартипке келтирүү боюнча кечиктирилгис чараларды көрсүн;

3) курулуп жаткан объектилердин статистикалык отчётторун так, өз убагында тийиштүү кызматтар жана курулуш ээлери тарабынан мамлекеттик статистика башкармалыгына берилишин көзөмөлгө алсын;

4) муниципалдык менчиктеги мүлктөрдү инвентаризациялоо, мыйзамсыз берилип кеткен социалдык объектилерди муниципалдык менчикке кайтарып алуу боюнча чараларды көрсүн.

5. Ош шаарынын мэринин коммуналдык чарба жана транспорт маселелери боюнча орун басары С. К. Джунусбаев тиешелүү мамлекеттик жана муниципалдык мекеме-ишканалар менен биргеликте:

1) коммуналдык чарба кызматтары тарабынан кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу, электр энергиясынын жоготууларын, дебитордук карыздарды кыскартуунун чараларын көрсүн;

2) шаар калкын коомдук транспорт менен тейлөөнүн сапатын жакшыртуу максатында коомдук транспорттун жана коммуналдык мекеме-ишканалардын паркын жаңылоо боюнча иш алып барсын;

3) коммуналдык кызмат көрсөткөн муниципалдык ишканалардын өздүк кирешесин көбөйтүү, толугу менен өзүн-өзү каржылоого өткөрүү боюнча чараларды көрсүн.

6. Ош шаарынын мэринин социалдык маселелер боюнча орун басары Н.С. Кадыров тиешелүү мамлекеттик жана муниципалдык мекеме-ишканалар менен биргеликте:

1) жугуштуу жана жугуштуу эмес ооруларды алдын алуу боюнча калк арасында профилактикалык иштерди жүргүзүүнү күчөтсүн;

2) билим берүү, саламаттыкты сактоо тармагынын материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча эл аралык финансы уюмдары менен өнөктөштүктө иштөөнү колго алсын;

3) мектепке чейинки билим берүү уюмдарында тамактанууну ата-энелердин эсебинен уюштуруу маселеси боюнча иш жүргүзсүн;

4) билим берүү мекемелерин күнүмдүк керектелүүчү каражаттар менен камсыздоо боюнча тиешелүү иштерди алып барсын;

5) жашы жете элек өспүрүмдөр арасында укук бузуулардын алдын алууну тез жөнгө салуу жана ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү, коопсуздукту камсыздоо, балдардын өмүрүн жана ден соолугун коргоо, балдарга карата катаал мамилени жана зомбулукту алдын ала жоюу, турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу аракеттеринин алгоритмин күчөтсүн;

6) мамлекеттик идеологиялык максаттагы иш аракеттерди жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу элдин калың катмарына максаттуу, ыкчам, сапаттуу жеткирүүнү уюштурсун.



7. Ош шаарынын мэриясынын ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүнүн, Ош шаарында жайгашкан мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилери төмөнкүлөрдүн ишке ашырылышын өзгөчө көзөмөлгө алышсын:

1) 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-аракеттер планын (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-декабрындагы № 699-т тескемеси менен бекитилген);

2) мамлекеттик жана башка локалдык программаларды;

3) “Улуу Жибек Жолун жандандыралы” аттуу Ош шаарын 2023-2026-жылдарда социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программасын;

4) 2023-жылга карата белгиленген Ош шаарынын социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүн;

5) жарандык коом менен иш алып барууну күчөтсүн, кабыл алынган чечимдердин максималдуу ачыктуулугун жана айкындуулугун камсыз кылууну, мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу менен иштеги коррупциялык көрүнүштөргө жол бербөө боюнча чараларды көрүүнү;

6) жеке секторго тике инвестицияларды тартууга максималдуу көмөк көрсөтүү, ошондой эле саламаттыкты сактоо, билим берүү, айыл чарба жана социалдык-тиричилик инфратүзүм секторлорунун инфратүзүмдүк долбоорлоруна инвестицияларды жүзөгө ашыруу менен инвестициялык ишке дем берүү боюнча чараларды көрүүнү;

7) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү автоматташтырылган форматка өткөрүүнү.

8. Мамлекеттик салык кызматынын Ош шаары боюнча башкармалыгы (Р.И. Аданов), Мамлекеттик салык кызматынын Ош шаары жана Ош облусу боюнча ири салык төлөөчүлөрдү көзөмөлдөө башкармалыгы (У.С. Джаманкараев), Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы (К.К. Имарова) “Жапалак автоунаа базары” муниципалдык ишканасы (Н.Д. Каракулов), “Ош шаарынын борбордук базарлар дирекциясы” муниципалдык ишканасы (Н.М. Исмаилов) Ош шаардык Кеңешинин 2023-жылдын 14-февралындагы № 117 токтому менен 2023-жылга бекитилген жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн (ар бир түрү боюнча) толук көлөмдө аткарууну камсыз кылышсын.

9. Мамлекеттик салык кызматынын Ош шаары боюнча башкармалыгы (Р.И. Аданов), Мамлекеттик салык кызматынын Ош шаары жана Ош облусу боюнча ири салык төлөөчүлөрдү көзөмөлдөө башкармалыгы (У.С. Джаманкараев):

1) аткарылбай калган салыктардын түрлөрү боюнча талдоо жүргүзүп, жылдын жыйынтыгы менен жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн толук көлөмдө аткарууну камсыздоо боюнча кечиктирилгис чараларды көрүшсүн;

2) салык төлөөнү жашыруу схемаларына бөгөт коюп, шаардын аймагында көмүскөдө иштеп жаткан субъектилерди аныктап, каттоого алышсын;

3) салык төлөөчүлөргө сапаттуу кызмат көрсөтүү жана салык органынын ишин уюштурууну жакшыртуу, калк менен эсептешүүдө ишкер субъектилерин контролдук-кассалык машиналарды (ККМ) колдонууга которуу жана салык жол-жоболорун фискалдаштыруу боюнча белгиленген тартипте иш алып барышсын.

10. Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы (К.К. Имарова):

1) 2023-жылга бекитилген жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн (ижара акы) ар бир түрүн толук көлөмдө аткарууну камсыз кылсын;

2) ижара акыга болгон карыздарды өндүрүү жана кошумча киреше булактарын табуу боюнча күчөтүлгөн тартипте иш алып барсын;

3) муниципалдык менчиктеги мүлктөрдү инвентаризациялоо, мыйзамсыз берилип кеткен социалдык объектилерди муниципалдык менчикке кайтарып алуу боюнча чараларды көрсүн;

4) мамлекеттик менчиктен Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине имараттарды жанаша жаткан аймактары менен өткөрүп алуу боюнча иштелип чыккан сунуштарды ишке ашырууну колго алсын жана бул багытта тийиштүү мамлекеттик органдар менен тыгыз иш алып барсын.

11. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ош финансы башкармалыгы (К.К.Абдыкадыров):

1) жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө планды жеткирүүдө Мамлекетик салык кызматынын Ош шаары боюнча башкармалыгы, Мамлекетик салык кызматынын Ош шаары жана Ош облусу боюнча ири салык төлөөчүлөрдү көзөмөлдөө башкармалыгы жана башка тиешелүү мамлекеттик жана муниципалдык органдар менен биргеликте тыгыз иш алып барсын;

2) кирешелерди мобилизациялоо жана бюджеттик бөлүнгөн каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча зарыл болгон чараларды көрсүн;

3) кыска мөөнөттүн ичинде бюджеттик мекемелердин, ишканалардын жана уюмдардын учурдагы бюджеттик жылдагы бюджеттерине кылдат талдоо жүргүзсүн жана анын жыйынтыгы боюнча чыгашаларды оптималдаштыруу боюнча конкреттүү сунуштарды киргизсин;

4) бекитилген бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүүдө тиешелүү бюджеттердин долбоорлорун түзүүгө жана бекитүүгө карата Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинде белгиленген принциптердин жана талаптардын сакталышын камсыз кылсын.

12. Ош шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси А.Кубатбек уулу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин укуктук-ченемдик актыларынын, Ош шаардык Кеңешинин чечимдеринин, Ош шаарынын мэриясынын токтомдоруиун, буйруктарынын, протоколдук



тапшырмаларынын аткарылышын камсыз кылуу боюнча мамлекеттик жана аткаруучулук тартипти чыңдоону камсыз кылсын.

13. Ош шаарынын мэриясынын структуралык түзүмдөрү, менчигинин түрүнө жана ведомстволук баш ийүүсүнө карабастан мекемелери, уюмдары, аймактык башкармалыктар жылдын жыйынтыгы менен отчеттук мезгилден кийинки айдын 10-чу числосунан кечиктирбестен ушул токтомдун аткарылышы боюнча маалыматты Ош шаарынын мэриясынын кураторлук жүргүзгөн бөлүмдөрүнө беришсин.

14. Ушул токтомду аткарууга жооптуу мекеме-ишканалардын жетекчилеринин жеке жоопкерчилиги белгиленсин.

15. Бул токтомдун аткарылышын бөлүштүрүлгөн функционалдык милдеттерине ылайык көзөмөлдөө Ош шаарынын мэринин биринчи орун басарына (М.А.Исаев), орун басарларына (З.Б.Юсупов, Н.С.Кадыров, С.К.Джунусбаев) жана Ош шаарынын мэриясынын аппарат жетекчисине (А.Кубатбек уулу) жүктөлсүн.

**Мэр** **Б.Ж. Жетигенов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ОШ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА МЭРИЯ ГОРОДА ОШ
ДОКУМЕНТТИК КАМСЫЗДОО ЖАНА КӨЗӨМӨЛДӨӨ БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ КОНТРОЛЯ
ИНН 00508200210109